КРнын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары, Шабдан Абдыраим уулунун Борбордук Азия Университетинин Гуманитардык жана так илимдер мектебинин бүтүрүү аземинде сүйлөгөн сөзү

Нарын шаары, 21-июнь, 2025-ж.

Урматтуу окутуучулар, ата-энелер жана кадырлуу коноктор!
Урматтуу Шамш Кассим Лакха мырза,
Урматтуу Баркат Фазал мырза,
урматтуу Кристофер Герри мырза!

Урматтуу бүтүрүүчүлөр!

Бүгүнкү күн – сиздер үчүн тарыхый күн. Ушул дубалдардын арасында калыптанган билим, тарбия жана достук – бул жөн гана бир этаптын жыйынтыгы эмес. Бул – чоң жолдун башталышы. Ошондуктан, ар бириңизди ушул жетишкендигиңиздер менен чын жүрөгүмдөн куттуктайм!

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаров БАУнун колдоочусу экенин баса белгилей кетейин. А бул окуу жай Нарын облусу үчүн жөн гана университет эмес – бул биздин билим, илим жана инновация тармагындагы стратегиялык өнөктөш.

Биздин облуста билим берүү – бул экономикабыздын маанилүү тармагы. Жөн гана социалдык кызмат эмес, таза экономикалык драйвер. Акыркы эки жылда Нарын облусу 170 миллион долларга жакын түз чет элдик инвестиция тартты. Бул — мурдагы 30 жылдагы суммадан үч эсе көп. Эми ушул темпти сактап калуу үчүн бизге эмне керек? Эң негизгиси жогорку квалификациялуу кадрлар керек. Жөн гана диплом менен эмес, реалдуу жөндөмү бар кесипкөйлөр керек.

Ошондуктан, биз илим-билимге өзгөчө маани берип жатабыз. Анын ичинде – БАУнун университеттик инфраструктурасы дагы абдан маанилүү. Ошондуктан, университеттин жетекчилигине, камкорчуларга жана башка чечим кабыл алуучу адамдарга кайрылат элем, Нарын кампусунун кийинки этаптарын курулушун тездетиңиздер. Бул маселе бийликтин, жана ошондой эле жергиликтүү калктын үнү катары күн тартибинде турат. Бул иштерди тездетүүнүн зарылдыгын сиздер дагы түшүнүп жатат деп эсептейбиз.

Бүгүн биз «Нарын-Реновация» деп аталган маанилүү долбоорду ишке ашырып жатабыз. Бул – облустук масштабдагы шаарды өнүктүрүү концепциясы. Ушул долбоордун алгачкы кадамдарында УЦАнын айрым эксперттери да салым кошкон. Бул – чыныгы кызматташуу жана өнөктөштүктүн белгиси.

Урматтуу бүтүрүүчүлөр, бүгүнкү дүйнөдө жөн эле билим жетишсиз. Сиздерге — чыныгы жөндөмдөр, жогорку адаптация, софт жана хард скиллдер жана баарынан мурда — баалуулуктар керек. Жашоонун кайсы бурчунда болбосун, ким болбосун — инсан катары өз элиңердин маданиятын, тилин, каада-салтын унутпагыла, Кыргыз экениңерди

унутпагыла. Анткени руханий өзөктөн ажыраган адам — глобалдык дүйнөдө да, ата мекенинде да багытын жоготот.

Биз жаштар, өзүмдү дагы кошо кетейин – өткөндү урматтаган, бүгүн менен жашаган, келечек үчүн талыкпай эмгектенген адамдардан болушубуз керек. Сиздер – ошол келечекти түзө турган муунсуздар.

Сөзүмдүн соңунда, сиздерге ийгилик каалайм! Тагдыр сиздерге көп бурулуштарды алып келет. Ар бир тандооңузда, ар бир чечимиңизде элиңизге, жериңизге , Кыргыз мамлекетине кызмат кылуу деген чоң миссия жүрөгүңүздө турсун.

Жараткан ар дайым Кыргызстаныбызды колдосун, жана анын ичининен Нарынды өзгөчө колдосун!